| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АИЛЬНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА** |

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 27-августу №30** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2027-2028-2029-жылдарга болжолдуу бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши, Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1.Жергиликтүү кирешелердин жана чыгашалардын өлчөмү
2027-жылга 21297,9 миң сом өлчөмүндө,
2028-жылга 21600,0 миң сом өлчөмүндө,
2029-жылга 21900,0 миң сом өлчөмүндө жана

2. Республикалык бюджеттен алынуучу “Теңдештирүүчү гранттын”өлчөмү
2027-жылга 18400,0 миң сом өлчөмүндө,
2028-жылга 18400,0 миң сом өлчөмүндө,
2029-жылга 18400,0 миң сом өлчөмүндө, бекитилсин.

3. Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облусттук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Жергиликтүү кеңештин төрагасы** **М.Ж.Жунушалиев**